# КырСЭФФ III – КИКБ банкына I кредит

Жайгашкан жери:
Кыргыз Республикасы

Долбоордун номери:
55273

Тармагы:
финансы уюмдары

Мамлекеттик/жеке сектор:
жеке

Экологиялык категориясы:
ФО категориясы

Бекитилген күнү:
2024-жылдын 8-октябры

Статусу:
**иштелип чыгууда, акыркы карап чыгуу күтүлүүдө**

Долбоордун англис тилиндеги резюмеси жарыяланган күн: 2024-жылдын 17-октябры

*«Маалыматка ээ болуу жөнүндө» директиванын 1.4.2 iii) бөлүмүнө ылайык: «Директорлор кеңеши Банкка долбоорду бекитүүгө ыйгарым укуктарды берген учурларда, Банктын оперативдик жетекчилиги тарабынан бекитиле турган долбоорлордун резюмесинин мазмуну тийиштүү мезгилдин башында Банкка мүчө мамлекетке билдирилет жана бул мезгил аралыгында «ЕРӨБ түзүү жөнүндө макулдашуунун» 13 iii) беренесине ылайык каршы пикирлердин жок экендиги тууралуу билдирме жиберилет».*

## Долбоордун сыпаттамасы

Кыргыз Республикасы үчүн ЖЭКП программасынын (КырСЭФФ III) алкагында Кыргыз инвестициялык кредит банкына (КИКБ) 3 млн. АКШ долларына чейинки суммада синтетикалык кыргыз сому (KGS) менен биринчи кезектеги кредит берүү. Кредиттик каражаттар энергиялык майнаптуулук, кайра жаралуучу энергия, туюк цикл экономикасы жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулук тармактарындагы инвестициялар үчүн субзайымчыларга кайра кредит берүүгө жумшалат. Долбоор ЧОИлердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн чыңдоого, климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулукту жогорулатууга жана финансы секторун, айрыкча жергиликтүү валюта менен кредит берүү аркылуу өнүктүрүүгө жардам берет.

# Долбоордун максаттары

Долбоор энергия жана суу менен камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча долбоорлорду каржылоо жагынан КИКБнын ички потенциалын жогорулатуунун эсебинен атаандаштыкка кыйла жөндөмдүү финансы секторун пайда кылууга көмөктөшөт. Буга КИКБ жана кардарларынын долбоорлорун жүзөгө ашырууда, соңку зайымчылар үчүн натыйжалар менен инвестициялык стимулдарды текшерүүдө колдоо көрсөтүүгө багытталган техникалык жардамдын эсебинен жетишилет. Чакан долбоорлор КырСЭФФ III директивалык билдирүүсүндө белгиленген талаптарга шайкештик боюнча техникалык жана финансылык критерийлерге ылайык тандалат. Берилген каражаттардын 100%ы жашыл экономикага өтүү тармагындагы инвестициялар үчүн колдонулат.

# Өткөөл процесске таасири

Өткөөл процесске күтүлгөн таасиринин баллдык көрсөткүчү – 70.

Долбоор Кыргыз Республикасындагы энергия жана суу менен камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатуу чөйрөсүндө турак-жай жана коммерциялык секторлорго кредит берүүнү кеңейтүүгө, ошондой эле энергия жана суу менен камсыздоонун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча долбоорлордун жакшы натыйжаларын көрсөтүүгө жардам берүү аркылуу жашыл экономиканы курууга көмөктөшөт.

# Кардар жөнүндө маалымат

«КЫРГЫЗ ИНВЕСТИЦИЯЛЫК-КРЕДИТ БАНКЫ» ЖАК

Кыргыз инвестициялык-кредит банкы (КИКБ) Кыргыз Республикасындагы ири жеке банк болуп саналат. 2024-жылдын экинчи жарымынын аягындагы абалы боюнча, активдеринин жалпы көлөмү 680 млн. АКШ долларын түзүп, рыноктогу активдердин жалпы көлөмүнүн 9%на жакын үлүшүнө ээ болуу менен Кыргыз Республикасынын өлчөмү жагынан алтынчы банкы катары аныкталган. Банктын акцияларынын контролдук пакети (90%) Ага Хан экономикалык өнүктүрүү фондуна тиешелүү («АКФЕД», Швейцария).

# ЕРӨБ каржылоосу

3 млн. АКШ доллары

Кредит жергиликтүү синтетикалык валютада 1 млн. АКШ доллары (1-транш) жана 2 млн. АКШ доллары (2-транш) суммасында эки транш менен берилет. 1-транш долбоорго кол коюлгандан кийин берилет, ал эми 2-транш эркин каражаттар түрүндө болуп, ал боюнча милдеттенме Жетекчиликке өткөрүлөт. Ар бир транштын жарамдуулук мөөнөтү транш алынган күндөн тартып 4 жылды түзөт. Бул мөөнөттүн ичине 1 жылдык жеңилдетилген мезгил жана жарым жыл сайын төлөнүүчү 7 төлөм да кирет.

## Долбоордун жалпы баасы

3 млн. АКШ доллары

## Толукталышы

Толуктоо кийинкилердин айкалышы аркылуу жетишилет: i) жергиликтүү валютада өтө зарыл орто мөөнөттүү каржылоо; ii) каржылоонун жана шаймандардын инновациялык түзүмү; iii) стандарттарды белгилөө жана iv) билим, инновациялар жана потенциалды өстүрүү.

Гендердик толуктоого компаниянын аялдар менен эркектер үчүн жашыл каржылоого бирдей мүмкүнчүлүктөргө кошумча, гендердик өңүттөрдү эсепке алган жашыл кредит берүү чөйрөсүндөгү потенциалын өстүрүүнүн эсебинен жетишиле турганы күтүлүүдө.

## Экологиялык жана социалдык маселелер

ФО категориясына киргизилген (ЭССнын 2019-жылдагы редакциясына ылайык). КИКБ активдүү кардар болуп саналат жана Банктын экологиялык жана социалдык талаптарын учурдагы тобокелдик шарттарында ТР 2, 4 жана 9 ылайык канааттанардык мүнөздө аткарып келет. Бул талаптар күчүндө калат жана кардар ЕРӨБдүн корпоративдик кредиттер, ЧОИ жана микрокредиттер боюнча Экологиялык жана социалдык жол-жоболорун сактоону; ЕРӨБдүн жаңыланган Тыюу салынган экологиялык жана социалдык тизмесин, ошондой эле ЭССнын 2019-жылдагы редакциясынын алкагында күчүнө кирген Сурап-билүү тизмесин  сактоону улантат, Банкка жыл сайын экосоциалдык отчётторду берип турат. КИКБ зайымчылары айлана-чөйрөнү, ден соолукту жана коопсуздук техникасын коргоо жаатындагы улуттук талаптарды сактоого милдеттүү.

## Техникалык кызматташуу жана гранттык каржылоо

Техникалык көмөктөшүү: КИКБ КырСЭФФ III каржылоо механизмине техникалык колдоо көрсөтүү программасынын алкагында маркетинг, долбоорлорду иштеп чыгуу жана даярдоо, бул механизмди жалпы ийгиликтүү башкаруу жана жайылтуу маселелери жагынан долбоорлор жана текшерүү боюнча консультанттардан жардам алууну улантат. Гендердик көйгөйлөрү боюнча иш-чаралардын ичине өлкөнүн деңгээлинде базалык гендердик көрсөткүчтөрдү баалап чыгуу, потенциалдуу субзайымчылардын маалыматка ээ болуусун жогорулатуу жана гендердик факторлорду эске алуу менен суроо-талап жана сунуштар жаатындагы тоскоолдуктарды жоюуга көмөктөшүү үчүн кызматкерлердин потенциалын өстүрүү аракеттери кирет. Каржылоо булагы: Акционерлердин атайын фонду (ААФ). Суммасы/валютасы: Механизм деңгээлинде 3,2 млн. евро.

Техникалык эмес көмөктөшүү: кредит белгиленген талаптарга туура келген субзайымчылар үчүн технологияга жараша  кредиттин суммасынын 25% өлчөмүнө чейин кызыктыруучу төлөмдөр менен толукталат. Кредиттин жалпы суммасынын 11%на чейин же 330 миң АКШ доллары. Каржылоо булагы: ААФ.

## Компаниядагы байланыш адамы

Айда Ибрагимова
AidaI@kicb.net
+996 312 62 12 29
+996 312 62 02 02
kicb.net
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 21

## Долбоордун резюмесинин акыркы жаңыланышы

2024-жылдын 17-октябры

## Өткөөл процесс деген эмне

Долбоорлордун өткөөл процесске тийгизген болжолдуу таасирин баалап чыгууга карата ЕРӨБдүн мамилеси боюнча кошумча маалымат бул жерде.

## Долбоорлорго катышуу үчүн мүмкүнчүлүктөр

Долбоорго же сатып алууларга катышууга байланыштуу суроолор боюнча кардар-компанияга кайрылууну өтүнөбүз.

ЕРӨБ менен кызматташуу маселелери (сатып алууларга байланышпаган) боюнча кайрылуу үчүн:
тел.: +44 20 7338 7168
эл. почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамсектордогу долбоорлор: EBRD Procurement
караңыз

тел.: +44 20 7338 6794
эл. почта: procurement@ebrd.com

## Жалпы сурап-билүүлөр

Конкреттүү маалыматтык сурамдарды маалыматтык сурамдар үчүн ЕРӨБ формулярын колдонуу менен жиберсе болот.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭСС жана аны менен байланыштуу долбоорлорду Ишке ашырууга карата талаптар (ИТ) ЕРӨБдүн «экологиялык жоопкерчиликтүү жана туруктуу өнүгүүнү» илгерилетүүгө карай умтулуусун жүзөгө ашыруу процедурасын аныктайт. ЭСС менен ИТда кардарларга карата коомчулукка маалымат жана консультация берүү, кызыкдар тараптардын, айрыкча кардардын жана долбоордун экосоциалдык ишмердигине байланыштуу тынчсыздануулары менен даттанууларын карап чыгуу жана аларды канааттандырууга көмөктөшүү үчүн даттанууларды берүү жана карап чыгуу механизмин белгилөө боюнча улуттук мыйзамдардын тийиштүү ченемдеринин аткарылышына байланыштуу конкреттүү талаптар камтылган.

Зарыл болгон учурда ЕРӨБ экосоциалдык тобокелдиктердин жана долбоордун таасирлеринин мүнөзү менен масштабына жараша, өзүнүн кардарларынан долбоорлордун тобокелдиктери менен таасирлери жөнүндө маалыматты ачыктоону, ошондой эле пикирлерди алуу жана жооп иретинде чараларды көрүүлөрү үчүн кызыкдар тараптар менен толук кандуу консультацияларды өткөрүүнү талап кылышы мүмкүн.

Бул багыттагы ЕРӨБдүн практикасы жөнүндө кошумча маалымат ЭСС да камтылган.

## Иштиктүү ак ниеттүүлүк жана белгиленген ченемдерди сактоо

ЕРӨБ комплаенс-көзөмөл башкармалыгы (ККБ) жоопкерчиликтүү башкарууга жардам берет жана Банктын ишмердүүлүгүнүн бардык өңүттөрү иштиктүү ак ниеттүүлүктүн эң жогорку стандарттарына жооп берүүсүн жана эл аралык алдыңкы практикага шайкештигин көзөмөлдөйт. Ишмердүүлүктү ак ниетсиз жүргүзүүгө байланыштуу тобокелдиктерге, ошондой эле ЕРӨБдүн беделине шек келтирүү тобокелдиктерине жол бербөө максатында Банктын бардык кардарлары иштиктүү ак ниеттүүлүктү текшерүүдөн өтүшөт. Банк долбоорлорду болжолдуу баалап чыгуу жана жактыруу стадиясында көйгөйлүү өңүттөрдү аныктап чыгууну жана аларды жоюуну Банктын бүтүмдөрүнүн беделинин аруулугун камсыздоонун эң натыйжалуу каражаты деп эсептейт. Комплаенс-көзөмөл башкармалыгы (ККБ) аталган алдын алуу иш-чараларында негизги ролду ойнойт, ошондой эле инвестициядан кийинки стадияда Банктын иштиктүү беделине шек келтире турган тобокелдиктерди көзөмөлдөөгө

жардам берет.

Мындан тышкары, ККБ алдамчылык, коррупция фактылары жана ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордо кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу учурлары жөнүндө маалыматтын аныктыгын текшерүү үчүн жооптуу. Эгерде кимдир-бирөөдө Банктын ичинде же андан тышкары жерде алдамчылык же коррупциялык иш-аракеттер жөнүндө шектенүү пайда болсо, ал комплаенс-көзөмөл башкармалыгынын жетекчисине compliance@ebrd.com электрондук почта дарегине билдирүү жиберүү аркылуу бул тууралуу жазуу жүзүндө маалымат берүүгө милдеттүү. Билдирилген фактылардын баары тийиштүү чараларды көрүү предметине карата ККБ тарабынан каралып чыгат. Жашыруун билдирүүлөр кошулуп, бардык билдирүүлөр текшерүүдөн өткөрүлөт. Билдирүүлөр Банктын же Банк операцияларды ишке ашырган өлкөнүн тилдеринин биринде даярдалышы мүмкүн.  Мындай кабарлоолор жакшы ниетте гана аткарылышы керек.

# Маалыматка ээ болуу саясаты (МЭС)

2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирген МЖС, ЕРӨБдө Банктын стратегияларын, саясатын жана операциялык ишмердүүлүгүн тереңирээк билүүгө жана аңдап-түшүнүүгө көмөктөшүү максатында маалыматты ачыктоо жана кызыкдар тараптар менен консультацияларды өткөрүү тартибин белгилейт. Учурда бар маалыматтар менен таанышып чыгуу үчүн ЕРӨБ веб-сайтындагы «Маалыматка ээ болуу саясаты» бөлүмүн окуп чыгыңыз.

Конкреттүү маалыматтык сурамдарды маалыматтык сурамдар үчүн ЕРӨБ формулярын колдонуу менен жиберсе болот.

# Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органы (ДОКО)

Эгерде экосоциалдык чөйрөдө же маалыматты ачыктоо тармагында (мисалы, долбоордун деңгээлинде кардар тарабынан түзүлгөн даттануулары берүү жана карап чыгуу механизми, же болбосо Банктын оперативдик жетекчилиги менен түз кызматташуу аркылуу) кардарга же Банкка байланыштуу келип чыккан тынчсызданууларды канааттандыруу аракеттери эч кандай натыйжа бербесе, анда жеке жактар жана уюмдар мындай тынчсызданууларын ЕРӨБдүн Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органына (ДОКО) кайрылуу аркылуу канааттандыра алышат.
ДОКО арыз ээсинин пикири боюнча, долбоордогу зыян келтирген же келечекте зыян келтириши мүмкүн болгон көйгөйлөргө көз карандысыз баалоо жүргүзөт. Органдын милдеттерине кийинкилер кирет: экосоциалдык чөйрөдөгү жана маалыматты ачыктоо чөйрөсүндүөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн долбоордун кызыкдар тараптары менен диалогду колдоп туруу; Банктын өзүнүн Экологиялык жана социалдык саясатынын талаптарын жана Маалыматка ээ болуу саясатынын долбоорго тиешелүү жоболорун аткарып жатканын текшерүү;   ошондой эле зарылдык келип чыккан учурда, аталган ченемдик документтерди сактабаган учурларды Банк тарабынан келечекте тийиштүү

чаралардын көрүлүшү аркылуу жоюу.
ДОКО жана анын мандаты менен кененирээк таанышып чыгуу, текшерүү жүргүзүүгө өтүнмө берүү жол-жобосун билүү үчүн Долбоорлор боюнча отчёт берүүнүн көз карандысыз органынын веб-баракчасына баш багыңыз, же болбосо кошумча маалымат алуу же өтүнмө берүү боюнча нускама алуу үчүн, кызыктырган суроолор боюнча ipam@ebrd.com электрондук почтасы аркылуу ДОКОго кайрылыңыз.